***Шаршембиева К.С.,***
*К.Карасаев атн. БГУ*

# СӨЗ ЖАСООНУН СИНТАКСИСТИК ЫКМАСЫ

Кыргыз тилинде жаңы сөздөрдүн жасалышынын үч жолу бар экендиги белгилүү:

1) Сөз жасоонун морфологиялык жолу;

2) Сөз жасоонун синтаксистик жолу;

3) Лексика – семантикалык жолу. Булардын үчүнчүсү лексикологияда окутулат деп келип, окумуштуу С.Кудайбергенов азыркы кыргыз тилинде сөз жасоонун морфологиялык жана синтаксистик жолдоруна басым жасайт (Азыркы кыргыз тили. Ф., 1980. 26-б.).

Сөз жасоонун морфологиялык жолу боюнча тилчи-окумуштуу Б.Орузбаева тарабынан көлөмдүү эмгек жаралды («Сөз курамы» Бишкек 2000). Анда сөз жасоонун морфологиялык жолун изилдеген жалпы тил илиминдеги окумуштуулардын эмгектери көрсөтүлүп, алардын пикирлерин, аныктамаларын мисал келтирет. Уңгуга мүчө улануу жолу менен жасалган сөздөрдү, мүчөлөрдүн түрлөрүн кеңири белгилеп, адабияттардын тизмесин берип,-азыркы кыргыз тили илимине чоң салым киргизди. Сөз жасоонун синтаксистик ыкмасы тууралуу кайсы окумуштуулар изилдегенин, кандай эмгектер жаралганын, кандай пикирлер айтылганын билүүгө тил илимине кызыккан бардык мугалимдер, студенттер ынтызар.

Сөз жасоонун **синтаксистик ыкмасы** деп аталгандыгынын себеби – **сөз айкаштарынан** түзүлгөндүгүндө. Эки же андан көп сөздөрдү, сөз айкаштарын бир бүтүндүккө айландыруу аркылуу жаңы сөздөрдү жасоо жолу синтаксистик жол деп аталат (С.Кудайбергенов). Ошентип, бул жол менен (синтаксистик ) татаал сөздөр жасалат. Татаал сөздөрдүн тутумунда эки же андан көп негизги морфема болот, буларды татаал сөздөрдүн компоненттери деп атайбыз. Бардык компоненттери биригип келип бир гана суроого жооп берип, бир гана синтаксистик милдетти аткарат. Компоненттери көпчүлүк учурда туруктуу болот, башкача айтканда, татаал сөздөр туруктуу сөз айкаштарына кирет. Студенттер туруктуу сөз айкаштары десек эле, фразеологизмдерди эске түшүрүшөт. Чындыгында, фразеологизмдер да, макалдар да, татаал сөздөр да туруктуу сөз айкаштары болуп эсептелет. Бул учурда мисалдарды келтирип, алардын айырмачылыктарын түшүндүрүү зарылдыгы келип чыгат.

Татаал сөздөр: жол башчы, ала карга, эже-сиңди, бала-бакыра, чымын-куюн ж.б., булардын компоненттеринин орду туруктуу, ар кандай сөздөрдү (толук маанилүү сөздөрдү да, кызматчы сөздөрдү да) кошууга болбойт. Адегенде булардын ордун алмаштырып көрөлү: башчы жол, карга ала, сиңди-эже, бакыра-бала, куюн-чымын көрүнүп тургандай сөздөр маанисин жоготуп койду. Эми булардын арасына толук маанилүү сөздөрдү же кызматчы сөздөрдү кошуп көрөлү: жол улуу башчы, ала эле карга, сиңди го эже, бала менен бакыра, чымын же куюн – көрдүңөрбү, мындай кылууга да болбойт. Булар туруктуу сөз айкаштары экендигине күмөн саноого болбойт. Бул жагынан фразеологизмдерге окшошуп турат.

Булардын айырмачылыктары эмнеде? Татаал сөздөрдүн ар бир компоненти өздөрүнүн алгачкы лексикалык маанисин жоготпойт. Мисалы: ата-эне, Ала-Тоо, кара жол, чоң-ата, келим-кетим, жүрө-жүрө, Сары-Камыш, курбу-курдаш ж.б. Нерсенин кыймыл аракеттин нагыз аталышын билдирет.

Ал эми фразеологизмдер алгачкы лексикалык маанисинен ажырап, өз аталышы бар нерсени элестүү, образдуу туюндуруу үчүн колдонулат. Мисалы: тез-тез – ат тезегин кургатпай, калп айтуу – беш өрдөгүн учуруу, кыйынчылык – башына күн түшүү, колу ачык – берешен, март, уктабоо – кирпик көзүн какпоо ж.б. Көрүнүп тургандай, фразеологизмдер тилибиздеги айрым сөздөрдүн эквиваленттери. Калп айтуу, кыйынчылык, берешен, март, деге сөздөргө караганда, фразеологизмдер менен айтылганда, сөздөрдүн көркөмдүүлүгү артып, таасирдүүлүгү күчтүү болот.

Фразеологизмдердин башка туруктуу сөз айкаштарынан болгон негизги айырмасы анын мааниси сөз айкашындагы сөздөрдүн маанилеринин түздөн-түз жыйындысынан эмес, алардын жалпыланган өтмө маанисинде болгондугунда (Ж.Чыманов Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. Бишкек, 2009. 54-б.)

Демек, составындагы сөздөр өздөрүнүн түздөн-түз манисинен алыстоо менен бирге ажырагыс бир бүтүнгө биригип, ой-пикирди курч, элестүү билдирүүчү сөз айкаштары фразеологизмдер деп аталат

Экиден кем эмес негизги морфемалардан түзүлүп кандайдыр бир нерсенин, кыймыл-аракеттин ж.б. аталышын билгизген, компоненттери семантикалык, грамматикалык жактан бир бүтүндүктү түзгөн сөздөр татаал сөздөр деп аталат.

Татаал сөздөр кош сөздөр, кошмок сөздөр, кыскартылган сөздөр деп бөлүнөт. Студенттердин кош сөздөр менен кошмок сөздөрдү ажырата албаган учурлары кездешет. Аларды ажырата билүүгө үйрөтүү үчүн синтаксистик жол менен жасалган кош создөр менен кошмок сөздөрдүн айырмачылыктарына токтолобуз.

I. Кош сөздөрдүн ар бир компоненти бир сөз түркүмүнө тиешелүү болгон ар башка сөздөн, же бир эле сөздүн кайталанышынан жасалат да араларына дефис коюлуп жазылат: акыл-ой (зат+зат), каада-салт (зат+зат), жан-жаныбар (зат+зат), жакшы-жаман (сын+сын), он-он беш (сан+сан), барыш-келиш (этиш+этиш), ары-бери (тактооч+тактооч), тырс-тырс (тууранды сөз+тууранды сөз), пай-пай (сырдык сөз+сырдык сөз) ж.б.

Кошмок сөздөрдүн ар бир компоненти ар башка сөз түркүмүнө, кээсиники бир эле сөз түркүмүнө тиешелүү болот: жүз-аарчы (зат+этиш), ит мурун (зат+зат), Сары-Ой (сын+зат), кара жаак (сын+зат), кол коюу (зат+этиш).

II. Кош сөздөрдүн ар бир компоненти өз ара тең байланышта тутумдашат. Алардын бирин багындыруучу, экинчисин багынуучу компонент катары кароого болбойт. Мисалы: кары-жаш, кат-кабар, кемпир-чал, кеп-кеңеш ж.б.

Кошмок сөздөрдүн түзүлүшү эркин сөз айкашынын үлгүсүнө окшошот. Алгачкы убактарда булар ыкташуу, таандык, башкаруу байланышындагы сөз айкаштары болуп, бир компоненти багындыруучу сөз болуп, экинчи компоненти багыныңкы сөз болгондугу байкалып турат. Ошондуктан кошмок сөздөрдү багыныңкы жана багындыруучу компоненттери бар татаал сөздөр деп айтсак жаңылышпайбыз. Бирок бул синтаксистик катыш солгундап маанилик катыш,б,а кошмок сөздөрдүн биригип келип бир гана мааниге ээ болушу менен нерсенин, заттын , кыймыл-аракеттин ж.б. атын билгизип, татаал сөздөргө айланган. Демек, татаал сөздөрдү сөз айкашы боюнча талдоонун зарылдыгы жоюлуп кеткен. Мисалы: 1. Кызыл тууну желбиретип, атчандар бара жатат. 2. Алар Кызыл-Тууга келип, түнөп, эртеси жолун улашты. 1-мисалдагы сүйлөмгө грамматикалык (синтаксистик) байланыштары боюнча талдоо жүргүзөлү:

1). атчандар бара жатат, (ээрчишүү байл.);
2). Кызыл тууну (ыкташуу байл);
3) тууну желбиретип (башкаруу байл.).

***2- мисалга талдоо:***

1) Алар келип түнөп, (ээрчишүү байл.);
2) Кызыл тууга келип (башкаруу байл.);
3) эртеси улашты (ыкташуу байл.);
4) жолун улашты (башкаруу байл.).

Көрүнүп тургандай, 2-мисалдагы кызыл туу деген сөздүн 2-компоненти туу деген сөз багындыруучу негизги компонент, анткени сөз ошол туу жөнүндө болуп жатат, 1-компоненти кызыл багыныңкы түгөй, себеби туунун белгисин өңүн көрсөтүп турат. Мүчөсүз (грамматикалык каражаттарсыз) байланышып ыкташуу байланышында турат.

2-мисалдагы Кызыл-Туу деген сөздө туунун кандай экендигин билдирбестен, эки сөз биригип бир гана маанини жердин атын билдирип турат. Буларды бөлүп талдоого эч мүмкүн эмес. Ушул сыяктуу эле таандык байланышта турган төмөнкүдөй татаал сөздөрдү бөлүп талдоого болбойт.

| Алгачкы варианты | Татаал сөзгө айланганда |
|---|---|
| жүздүн башы | жүз башы |
| үйдүн- бүлөсү | үй-бүлө |
| Балдын челеги | бал челе |
| Таптын күрөшү | тап күрөш |
| Талаанын гүлү | талаа гүлү ж.б. |

Ошентип, ыкташуу жана таандык байланыштагы сөз айкаштары алгачкы учурда аныктооч жана аныкталгычтык катышта тургандыгы байкалат. Татаал сөзгө айланып бир гана маанини билдирип калгандан кийин, мындай талдоо жүргүзүү чоң ката болуп саналат.

Башкаруу байланышында туруп, толуктооч менен толуктагычтык катышта турган сөз айкаштарында татаал сөзгө айланганда.

| Алгачкы варианты | татаал сөзгө айланганда. |
|---|---|
| Көздү таңмай (башк. байл) | көз таңмай |
| Кийимди илгич (башк. байл.) | кийим илгич |

| | |
|---|---|
| Орунду басар (башк. байл.) | орун басар |
| Жанын бакты (башк. байл.) | жан бакты ж.б. |

Бышыктооч менен бышыкталгычтык катыштагы татаал сөздөр.

| | |
|---|---|
| Алгачкы варианты | Татаал сөзгө айлангандыгы |
| Кайрадан куруу (башк.байл.) | кайра куру |
| Өйдөгө көч (башк.байл.) | өйдө көч |

Ээрчишүү байланышында туруп, бир мааниге ээ болгон татаал сөздөр адам аттарында гана кездешет. Башка учурда мындай байланыш сүйлөмдүк даражага жетет:

Кудайберген, Ырыскелди, Койгелди ж.б.

III. Кош сөздөрдүн ар бир компоненти маани жактан да байланышта болот. Мааниси жактан бири-бирине жакын сөздөрдөн жасалат. Курбу-курдаш, ага-ини, ата-эне, эже-сиңди, тал-терек, курт-кумурска, жер-жемиш ж.б. Мааниси жактан бири-бирине карама-каршы сөздөрдөн жасалат: ысык-суук, ак-кара, жаман-жакшы, келим-кетим, күн-түн, алыс-жакын, чоң-кичине, кары-жаш ж.б.

Кошмок сөздөрдүн компоненттерин бөлүп карасак, мындай жакындык жок, бака жалбырак, ат кулак, козу карын, таш жол, жыгач күрөк, боз үй, ак үй, алтын кашык ж.б.

IV. Кош сөздөр жубу менен гана түзүлөт, экиден ашпайт, ошон үчүн кош сөз (эки сөз) деп аталат. Кыргыз тилинин сөздүгүндө кош деген сөздүн мааниси – эки түгөй: эки даана, жуп-деген маани берерин белгилей кетебиз.

Кошмок сөздөр эки же андан көп сөздөрдөн түзүлөт: Ала карга, алп кара куш, сары ооз балапан, таш жол, Сары-Камыш, Жети-Өгүз, Кара-Буура, Шамалды-Сай, Ат-Башы ж.б.

V. Сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөр кош сөздөрдүн эки компонентине тең же акыркы компонентине улана берет. Мисалы: Балалуу-чакалуу үй-бүлөлөрдө бири-бирине жардамдашуу, ынтымак, түшүнүшүү сыяктуу жакшы сапаттар көп болот. 2) Барган жеринде бала-чакалуу болду. 3) Жамыйла өңдүү түстүү, акык-айрым келин болду.

Кошмок сөздөрдүн акыркы гана компонентине уланат. Мисалы: Бал челекчилер бир жылда канча жолу бал алышат? 2) Өлбөгөн адам алтын аяктан суу ичет. 3) Бул ишти аткарууну орун басарына тапшырды ж.б.

VI. Орун тартиби боюнча айрым кош сөздөрдүн ордун алмаштырыуга болот. Мисалы: Ата-энелер балдарынын бактылуу болушун тилешет. 2) Эне-аталардын эмгегин баалоого үйрөнгүлө. 3) Болгон окуяны ачык-айкын түшүндүрчү. 4) Түшүнүктүү, бардыгы айкын-ачык болду.

Кошмок сөздөрдүн ордун алмаштырууга болбойт.

VII. Жыйынтыктап айтканда, сөз жасоонун синтаксистик ыкмасы менен жасалган кош жана кошмок сөздөр татаал сөздөргө кирет. **Эки же андан көп морфемадан түзүлгөн, компоненттери семантикалык, грамматикалык жактан бир бүтүндүктү түзгөн, бир суроого жооп берип, сүйлөмдө бир милдетти аткарган сөздөр татаал сөз деп аталат**.

Бир сөз түркүмүнөн жасалып, тектеш, же карама-каршы маанилеш сөздөрдөн жупташып, тең байланышта тутумдашып бир суроого жооп берип, сүйлөмдө бир милдетти аткарган татаал сөздөр кош сөздөр деп аталат.

Алгачкы учурда компоненттери багыныңкы байланыш аркылуу тутумдашкан, бирок бара-бара ал касиетин жоюп, бир мааниге ээ болуп, бир суроого жооп берип, сүйлөмдө сүйлөмдүн бир мүчөсүнүн милдетин аткарган татаал сөздөрдү кошмок сөздөр дейбиз.

***Адабияттар***

1. Абдувалиев И., Сыдыков Т. Азыркы кыргыз тили. Морфология - Б., 1997.
2. Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили. Морфология - Ф., 1980. 5-б.
3. Орузбаева Б.Ө. Сөз курамы. - Б., 2000.
4. Кыргыз тилинин сөздүгү.КР УИА. - Б., 2010.
5. Карасаев Х.К. Орфографиялык сөздүк. -Ф., 1983.
6. Чыманов Ж. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. - Б., 2009.